УДК 78.087.4

**Мамытова Айзат Жумагазиевна, Жумагазы кызы Элизат**
И.Арабаев атындагы КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын окутуучусу,
И.Арабаев атындагы КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка бөлүмүнүн магистранты
**Мамытова Айзат Жумагазиевна, Жумагазы кызы Элизат**
преподаватель кафедры музыки факультета художественной культуры и образования КГУ им.И.Арабаева,
магистрант кафедры музыки факультета художественной культуры и образования КГУ им.И.Арабаева
**Mamytova Aizat Zhumagazievna, Zhumagazy kyzy Elzat**
music departmet teacher of faculty of Arts culture and Education I.Arabaev KSU,
Graduate in the department of music of faculty of Arts culture and Education I.Arabaev KSU

# КЫРГЫЗ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮНДӨ СОЦИАЛДЫК ЖАГДАЙЛАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# СОЦИАЛЬНАЯ НАПРАВЛЕННОСТЬ МЕЛОДИЙ КЫРГЫЗСКОГО КОМУЗА

# REFLECTION OF SOCIAL CONDITIONS IN THE MELODIES OF KYRGYZ KOMUZ

**Аннотация:** макалада кыргыз элинин муундан-муунга өтүп келе жаткан комуз күүлөрүнүн бөлүнүштөрү жана күүлөрдө элдин социалдык жагдайынын чагылдырылышы көрсүлөт. Ошону менен катар эл арасында кеңири таралып, элге сиңип калган “Сынган Бугу” күүсүнүн баяны айтылат.

**Аннотация:** В статье рассмотрены пути передачи из поколения в поколение деление мелодий и их социальная направленность. А также широко распространился среди народных масс «Сынган Бугу» мелодия и ее история, которую рассказывал народ.

**Annotation:** This article examines how different parts of komuz melodies, are distributed from generation to generation and how they illustrate social condition. In addition, here represented komuz melody «Syngan bugu», which is very popular.

**Түйүндүү сөздөр:** обондор, айтым күүлөр, күү, руханий байлык, эпос, дастан

**Ключевые слова:** мелодии, устные кюи, кюи, духовные богатство, эпос, дастан

**Key word:** melodies, kuu (komuz’s melody), spiritual wealth, epos, dastan.

Кыйыры кылымдарды ашкан кыргыз элинин басып өткөн жолун, тарыхын, салт-санаа, үрп-адаттарын, маданиятын муундан муунга өткөрүп ушул убакка чейин сактап келген бул элибиздин оозеки, музыкалык маданий чыгармалары десек жаңылыштык болбос.

Күү ырахатына күймөлбөгөн, эл тарыхына көңүл бурбаган кыргыз баласы ата-журт жүгүн аркалашы күмөндүү. Күү деген бир эле сөзгө кыргыздын сан кылымдык санжырасы, тарыхы, адабияты, музыкасы сыйып келген. Ушунун барын жазуу-сызуусу жок кезде эле элибиз комуз күүлөрүндө сакталып калган. Күү – адамдардын басып өткөн жолун кошо басып келген узак жолдо өзүнүн талбастыгы, жашоо турмушту ачык чагылдырып, уккулуктуулугу менен бүгүнкү күнгө келди. Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы демекчи, улам коом өзгөрүп, жашоо токтолбостон уланып келе жаткан учу-кыйыры чексиз

узак жолдо күү улам жаңы жаралып, кай бирлери таптакыр унутулуп, караанын үзүп калгандары канча. Ошону менен катар алмуздактан бери кыргыздын катаал кагылыштарында, татаал ашууларында, эч капарсыз жай турмушунда уңгусун бузбай айтылып, чертилип келе жаткандары да арбын. Бул албетте элибиздин руханий дөөлөттөрүнүн, мурастарынын жеңиши десек болот. Ал эми укумдан тукумга, устаттан шакиртке үйрөтүлүп, эл арасында аш-тойлордо чертилип келаткан айрым бир күүлөр негизги уңгусу сакталып, айрым бир жерлеринде адамдардын кулк-мүнөзүнө, жашоо-шартына, социалдык, психологиялык абалдарына, угуп кабыл алууларына жараша өзгөрүлүп, кол ойнотуулары да ар кимдин дараметине жараша өзгөрүлүп, ар түрдүү вариантта чертилип келе жаткандары да элибиздин чоң байлыгы, мурасы.

Адамдардын жашоо турмушу, өткөргөн тиричилиги, социалдык абалы да кыл кайрыгында «Арман», «Кошок», «Керээз», «Ботой», «Кербез» ж.б. жанрларда ишке ашырылган.

Комуздун жардамы менен аткарылуучу күү озунун маанисинин байлыгы, жанрдык – тематикалык жана ритмдик өзгөчөлүгү менен уккан көргөндөрдү кызыктырат. Ал гана эмес, бул комуз кылынан чыккан кереметүү, таңшандыруучу үн изилдөөчүлөргө да абдан кызыктуу. Комуз күүсү өзүнүн чертилишинин ыгы, ылдамдыгы, сол колунун жайгашкандыгына жана аспаптын толгонушуна, оң колдун жардамы менен комуз кылдарынан үндүн чыгарышы боюнча башкача айтканда ойноо ыгына жана анын көркөм, терең маанисинин көптүгүнө жараша обон күүлөр, айтым күүлөр жана залкар күүлөр деп үч негизги топко бөлүнөт. Обон күүлөрдүн негизинде өзүнүн аталышынан эле көрүнгөндөй эле элдик ырлардын обондору жатат. Алар өзүлөрүнүн көлөмү, формасы жана ойноо ыкмалары боюнча айырмаланат. Бул күүлөрдү комуз ойноо өнөрүн кичине билген адамдар да аткара алышат. Өзүнүн маани маңызына жараша алар эпикалык, лирикалык, трагедиялык, жашоо-турмуштук, патриоттук жана башка болуп бөлүнөт.

Өзүнүн формасы боюнча аспаптык миниатюра болгон, эпикалык күүлөр элде көбүрөөк таралган. Мында кыргыз музыкасынын эпоско болгон тартылуусу, сүйүүсү көрүнөт. Албетте, манасчылардын өнөрү аспаптык жанрдын калыптанышына чоң түрткү болду. Комузчулар белгилүү эпикалык жана тарыхый ырлардын чертилишинде сюжетти, обонду өздөштүрүп, өркүндөтүп отуруп, жаңы «аспаптык эпостун» жаратуучулары болуп калышчу. Ал өзүнүн алгачкы абалынан чертилиши менен гана айырмаланбастан, анын эпостук каармандардын өз көзү менен сүрөттөлүшүнүн көлөмдүгү менен айырмаланат. Кыргыз комуз музыкасында эпос жана дастандын башкы каарманынын атын алган көптөгөн чыгармалар бар. Алардын ичинде: «Мендирман», «Солтон Сары», «Жаныш-Байыш», «Сарынжи-Бөкөй», «Курманбек», «Каныкейдин арманы», «Гүлкаакы», «Ак Бакай», «Кетбука».

Ырдык жанрдагы жашоо-турмуштук жана лирикалык маанидеги күү миниатюралар да кездешет. Көбүнчө махабатты, сулуулукту мактап, ырдаган чыгармалар айымдардан образдары жана аттары менен байланышкан. Мисалы: «Налима», «Батмакан», «Мистекан», «Сайракан» ж.б. Көптөгөн лирикалык комуздук миниатюралар жашоо-турмуштун кырдаалдары жана табияттын образдары менен тыгыз байланышып, чырмалышкан. Муну «Керме тоо» чыгармасындагы менменсиген, улуу кыргыздын тоолор образынын мисалында көрсөк болот.

Айтым күүлөр – өзгөчө жана бай жанрдуу кыргыз музыкасынын тобунун бири. Бул топтун чыгармалары өзүнүн мазмууну жана өтө мыкты, кол ойнотуп чертүүсү менен айырмаланат. Күүлөргө чертилүүнүн темпераменттүүлүгү, комузчунун көркөм кыймыл

аракеттери жана анын аспапты колдоно билүүсү таандык. Кээде комуз күүсү аткаруучунун түшүндүрмөсү, эпизоддук ырлар менен коштолот. Бул топко кирген чыгармалардын аткаруусун жөн гана укпастан аны кунт коюп, көрүп туруш керек себеби угуп отурганда, күүнүн көркөм кээ бир жерлери байкалбай калышы мүмкүн. Мисалы бул топко: «Көйрөң күү», «Ак тамак, көк тамак», «Армандуу чымчык», Осмон жана Субан», «Сары барпы», «Ак куу»... Мисалы алсак, Айдаралы Бейшукуровдун аткаруусундагы көйрөң күү абдан бат ылдамдыкта ойнолот, көбүнчө оң колдун чоң-чоң шилтемдери менен аткарылат. Ошондой эле бул күүнүн кээ бир жерлеринде «Мына, минтип!» деген үн коштоосу жана кол ойноп чертүүсү да байкалат, ал баш бармак, сөөмөй жана ортоңку манжалардын жардамы менен терилет. Бирок башкы рол бул жерде үн эмес комуз аткарат. Мындан тышкаары күү ортосунда комузчунун өзүнүн ак калпагын төбөсүнө коюп аны маңдайына, артка, кулак жакты көздөй колунун жардамы жок кыймылдатышы мүмкүн. Бул «Фокус» элдин күлкүсүн алып келет.

Залкар күүлөр өз өнүгүүсүн улуу комузчулардын салттык багыттагы өнөрүнөн алган. Бул топко кирүүчү күүлөрдүн түрлөрү: «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама», «Кербез». Алар илгерки убакытта эле пайда болушуп, жайылы таркалган. Комузчулар иш жүзүндө күүнү жаратуучусу жана анын аткарып, өз өнөрүнүн таратуучусу, атагын чыгаруучусу да болушат. Чыгармалар бир муундан экинчи муунга оозеки түрдө берилүүсүнүн натыйжасында аталышы бирдей бирок чертилиши айырмаланган варианттары пайда болгон.

«Күүнүн башы камбаркан», - дегендей, Камбаркан эң илгерки күү болуп эсептелет. Комузчулардын өнөрүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында, ал ар кандай аттардын астында аткарылган. «Камбаркан» ушунча элге таралгандыктан өзүн сыйлаган комузчу өзүн программасына бир же экини кошчу. Мисалы К. Орозов төрт «камбарканды» чертчү: «Эл камбаркан», «Терме камбаркан», «Колхоз камбаркан», «Сынган бугу камбаркан», ал эми М. Куренкеев «Күрөнкөйдүн камбарканын» аткарчу, А.Огонбаев болсо «Маш камбарканды» жана «Кирки камбарканды» аткарчу, А.Ошуров «Казак камбарканын», А. Тыныбеков «Алга бас, камбарканды», Б.Осмонов «Малчылар Камбарканын» жараткан. «Камбаркандын» негизги белгилери – анын жай ойнолушу, бош толгоосу, моюн күүсүнүн өзгөчөлүктөрү, обондун терең философиялык мааниси болуп эсептелет. Сөзүбүз куру болбос үчүн бир күүнүн тарыхына кайрыла кетели. Жогоруда айтып өткөн «Сынган бугу» күүсү бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн угармандарын жоготпой келет: колунан көөрү төгүлгөн, жез оймоктун узу, акыл-эси артык, айчырайлуу сулуу кыз Шааркандын кайындап койгон жери калыңын берип, жыгач түшүрүп той башталат. Тойго Байгазы да келет. Шааркан сулуунун көрүп, махабат оту алоолонуп, ашыктык сезим тынчтык бербей, ичтен сыздай берет. Созолонто ырдап, таңшыта күү черткен, сымбат-сыны келишкен жигитке алдыртан кыздын да көзү түшүп, арзуусу козголот. Ортомчу жеңелердин жардамы менен эки жаш табышып-таанышып, убада шертин бекитип, кол кармашып, тойду таштап качып чыгышат. Ак бата, кызыл канды аттап, ата салтын бузгандыгы үчүн Байгазы урук туугандары менен айыпка жыгылып, чоң доого кириптер болгон. Сүйүшүп баш кошкон эки жаш эл урматына алынып, күнүмдүк өмүрүн бактылуу өткөрүшүп, Мамбетсейит аттуу балалуу да болушту. Арадан үч жыл өткөндө айыкпас дарттын айынан сүйгө жарын, баласын калтырып Шааркан оо дүйнөгө сапар тартып кете берет. Кызынын кыркына келгенде Мактым байбиче: «Байгазы балам, маңдайга жазылганы экен, айла жок. Мен көкүрөк күчүгүм-кызымдан айрылдым, сен жандай көргөн жарың Шаарканыңан айрылдың. Өлгөндүн артынан өлгөн жок, сен Шааркандын ашын берген соң үйлөнөрсүң, энеси жок бала кыйын болот, уулуңду мага бер, көкүрөк көтөргүчө багып, өзүңө кайтарамын дейт. Байгазы сүйгөнүнөн калган жалгызын берсе үйү

караңгы көргө айланарын айтып алып калат. Көп өтпөй Байгазы аш-тойго кеткенде жеңеси жакшы карабай, бала ылжыраган таз болуп, илмийип араң жаны калганда чоң энеси келип алып кетет. Ушундай оор кыйынчылыктардан дагы бир жылга үйлөнбөй аза күтүп үңкүйүп, үйдө жалгыз отуруп калган Байгазы ичтеги кайгы-муңун, кусалыгын үч кылдан чыгарып, арыз-арманын күүгө салат.- Күүң ого эле муңдуу экен, - дегендерге:

- Кайындуу кызды ала качып, үч кайтара айыпка жыгылып – «бир сындым», махабат жыты тарай электе койнумдагы жарымдан түбөлүккө айрылып «экинчи сындым», өлгөндөн калган белегимди тотукуштай торолтуп бага албай «жетим» атка кондуруп «үчүнчү сындым». Күү ошол «сынган» армандарымды айтып жатпайбы? – дечү экен. «Сындым» эл арасында кеңири тарай баштаган мезгилде: - Ии, эми «бугунун сынгандагы» күүсүн чертчи, - дей турган болушкан. Күүнү аталышы айтууга ылайыкташып, бара-бара «сынган бугуга» өткөн. [Асан Кайбылда уулу. Күү баяны. Бишкек 2011 ]

Деги эле кыргыздын күүлөрү элдин жашоо-турмушун, кайгы-капасын, кубанычын, ой-толгоолорун чагылдырып, жашоого болгон көз караштарын чагылдырып, маңызына жараша аталып келген. Демек, күүнү чертээрден мурда анын тарых-таржымалын, баянын айтып чертүү ат мингизип, чапан жапкан менен барабар деген сөз бекеринен калбаса керек. Күүнү уга билүү, аны түшүнүп, өткөн муундан кийинки муунга жеткире билүү бул кыргыз элинин укумдан-тукумга, атадан-балага өтүп келе жаткан руханий байлыгы, улуттук өзгөчөлүгү десек жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асан Кайбылда уулу. Күү баяны. Бишкек 2000
2. Алагушов Б, Койгелдиева Т, Турдумамбетова Ш. Кыргыз музыкасынын тарыхы. - Фрунзе «Мектеп» - 1989. 208.б. 40..нот
3. Алагушов Б. Кыргыз комузчулары жана комуз къълёръ. - Фрунзе,1961.


**Рецензент: п.и.к., доц.м.а. Джакыпов К.К.**